ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 930.85 DOI: 10.35803/1694-5298.2021.2.205-210

**КАРЫЕВА А.К.**
[1]Н.Исанов атындагы КМКТАУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]КГУСТА имени Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**KARYEVA A.K.**
[1]KSUCTA n. a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
anara-karyeva@mail.ru

# УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМДИН ЖОГОРУЛАШЫНДАГЫ АГАРТУУЧУЛУКТУН РОЛУ

# РОЛЬ ПРОСВЕЩЕНИЯ В РАЗВИТИИ НАЦИОНАЛЬНОГО СОЗНАНИЯ

*Макалада XX кылымдын башындагы кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин өнүгүшү жана ага агартуучулук кыймылынын тийгизген таасири каралган. XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы коомдук-саясий абал жалпы Түркстан аймагындыгы тарыхый абал жана падышачылык Россиянын жүргүзгөн колониялык саясаты менен тыгыз байланышта болгон. Кыргыздардын улуттук аң-сезиминин контекстинде эркин ойлоо, эркиндикти сүйүү, доор алкагындагы цивилизациялык өнүгүүгө тартылуу сыяктуу идеялар камтылган. Улуттук аң-сезимдин өсүшү 1905-1907-жылдардагы революциялык кыймылдын мезгилинде, айрыкча 1916-жылдагы жалпы элдик көтөрүлүштө ачык көрүнгөн. Кыргыз агартуучулары көтөрүлүштүн активдүү катышуучулары жана жетекчилери жана идеялык жактан шыктандыруучуларынан болушкан.*

***Өзөк сөздөр:*** *колониялык саясат, улуттук аң-сезим, өнүгүү, кыргыз, маданият, агартуу, агартуучулар, агартуучулук кыймыл.*

*В статье рассматривается развитие национального самосознание кыргызского народа в начале XX в. и влияние просветительского движения на его развитие. Общественно-политическая ситуация в Киргизии в начале XX века была тесно связана с исторической ситуацией на всей территории Туркестана и колониальной политикой царской России. В контексте кыргызского национального самосознания существуют такие идеи, как свободомыслие, свободолюбие, причастность к развитию цивилизации эпохи. Рост национального самосознания проявился во время революционного движения 1905–1907 годов, особенно во время всеобщего восстания 1916 года. Кыргызские просветители были активными участниками, руководителями и идейными вдохновителями восстания.*

***Ключевые слова:*** *колониальная политика, национальное самосознание, развитие, культура, просвещение, просветители, просветительства, просветительское движение.*

*The article examines the development of the national identity of the Kyrgyz people at the beginning of the twentieth century and the influence of the educational movement on its development. The socio-political situation in Kyrgyzstan at the beginning of the twentieth century was closely related to the historical situation throughout the territory of Turkestan and the colonial policy of tsarist Russia. In the context of the Kyrgyz national identity, there are ideas such as free thinking, love of freedom, involvement in the development of the civilization of the era. The growth of national consciousness manifested itself during the revolutionary movement of 1905-1907, especially during the general uprising of 1916. Kyrgyz enlighteners were active participants, leaders and ideological inspirers of the uprising.*

***Key words:*** *colonial policy, national self-consciousness, development, culture, enlightenment, enlightenment, enlightenment, enlightenment movement.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**Киришүү.** Улуттук аң-сезим – бул ар кандай географиялык жана социалдык чөйрөдө жашаган улуттун социалдык, саясий, экономикалык, философиялык көз караштарынын жыйындысы жана руханий өсүү деңгээли. Ошол эле учурда улуттук аң-сезим улуттун түйүндүү маселелерин чечүүнүн каражаттарын, жолдорун табууну көздөйт. Совет мезгилиндеги илимий адабияттарда улут маселесинин өнүгүшүнө мүнөздүү эки тарыхый тенденция, этабы каралган: 1) улуттук турмуштун жана улуттук кыймылдын ойгонушу, ар кандай улуттук эзүүгө каршы туруу, мамлекеттердин түзүлүшү; 2) улуттар арасындагы ар кандай байланыштын өнүгүшү жана тездеши, улуттук чектердин кыйрашы, капиталдын, экономиканын, саясаттын, илимдин, дүйнөлүк рыноктун ж.б. интернационалдык биримдигинин түзүлүшү[7. 160].

XX кылымдын башында кыргыз коомчулугунда колонизатордук бийликтин басмырлоосуна карашы элдин талаптарын коюудан бийликтин эзүүсүнө каршы, эркиндик, көз карандысыздык үчүн улуттук-боштондук күрөшкө чейин өсүп жеткен улуттук маселелер бышылып жетилген. Улуттук аң-сезимдин өнүгүүсүнүн бул этабына колониялык саясаттын күч алышы, Россиянын башка аймактарындагы саясий өнүгүүлөр, орустардын революциячыл күчтөрүнүн таасири, элдин прогрессивдүү коомго умтулуусу, жадидчилик кыймылдын, агартуучулардын таасири тийбей койгон эмес.

**Ыкма жана материалдар**. Макаланы жазууда тарыхый объективдүүлүк ыкмасынын принциби жетекчиликке алынды. Изилдөөнүн бул принциби мезгилдин коомдук-саясий өнүгүүсүнүн абалын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен шартталып, изилдөөнүн объектисине таандык тарыхый фактылардын жыйындысын субъекттин жеке каалоосуна же таңуулоосуна карабастан, доордун өнүгүүсүн эске алуу менен интерпретациялоону, ошол мезгилге таандык маданиятты, салтты, баалуулуктарды эске алууну талап кылат.

Тарыхый объективдүүлүк принцибине таянуу менен кыргыз элинин XX кылымдын башындагы улуттук аң-сезиминин жогорулашын изилдөөгө алууда историзм, тарыхый объективдүүлүк жана диалектикалык биримдик принциптери эске алынды. О.э. жалпы эле тарых илиминде кеңири колдонулуучу тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-типологиялык, тарыхый-системалык, анализ жана синтез методдору пайдаланылды.

Макаланы жазуунун максатына ылайык милдеттерин ачып берүүдө агартуучулардын эмгектери, илимий эмгектер жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусундагы материалдар салыштырылып анализ кылынды.

**Изилдөөнүн натыйжалары**. XX кылымдын башында Кыргызстандын аймагы жалпы Түркстандагы коомдук-саясий кырдаалга жараша, аймакты башкаруу боюнча Жоболордун (1867-ж., 1886-ж., 1891-ж.,1897-ж.) негизинде Россиянын колониясына айланып бүткөн. Колониялык бийликтин үстөмдүгүнүн күчөшү XIX аягынан башталган көчүрүү саясатынын башталышынан ачык байкалган. Көчүрүлүп келгендер үчүн жергиликтүү элдин жерлери, жайыттары тартып алынып, чарбасы бүлгүнгө учурап, улуттук кемсинтүүлөргө жол бериле баштаган. 1902-жылы Николай IIнин буйругу менен орус дыйкандарын жайгаштыруу боюнча атайын комиссия түзүлүп иштей баштаган. 1905-жылы Келгиндер башкармалыгынын түзүлүшү менен аймакты колониялаштыруунун жаңы этабы башталган[8. 36]. Келгиндердин саны жылдан-жылга өсүп отургандыгын Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында Пишпек, Пржевальск, Нарын уезддеринде эле алардын 410 кыштак, хуторлору [8.37] уюштурулганынан байкасак болот.

*«Теңгеден алды салыкты,; Каратты далай калкты.. Жериңе салды эгинди, Тоотподу кебиңди; Абдан кести демиңди»*[10.142,- деп Молдо Кылыч жазгандай, колониялык өкмөттүн салык саясаты падышанын казынасын жарытып жибербегени менен, жергиликтүү калк үчүн жеңил болгон эмес. Ошондой эле орус колонизаторлорунун саясатында жергиликтүү калкты кемсинтүү, кордоо көнүмүшкө айланган.

Улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнүн дагы бир факторлорунун бири революциялык маанайдагы идеялардын аймакка таркай баштышы болгон. XX кылымдын башында

Россиянын өзүнүн ички аймактарында революциялык кыймылдардын келип чыгышы күч ала баштаган. Түркстан аймагына, анын ичинде Кыргызстанга революциялык идеялар ар кандай жолдор менен келген[2.114]. Айрыкча ал идеялардын жайылышына Россиянын ички аймактарынан келген жумушчулар түрткү болгон. Ошондой эле революциялык идеялар ар кандай китептер, газета-журналдар, революционерлер уюштурушкан баракчалар аркылуу жеткендиги тууралуу фактылар кездешет. Мисалы, 1903-жылы Пишпекте саясий кугунтуктоодо жүргөн В.И.Лойцнер тараткан РСДРПнын Баку комитети чыгарган революциялык прокламация табылган[2.115]. Бирок, Түркстандын башка аймактарына салыштырганда Кыргызстанда революциялык идеялардын өсүшү өтө жай темпте жүргөн.

Революциялык идеялар айрыкча 1905-1907-жылдардагы революциянын мезгилинде таасир эте баштаган. Натыйжада, жергиликтүү эл өздөрүнүн саясий талаптарын кое баштаган. Мисалы, 1905-жылы 6-июнда Жети-Суу облусунда жашаган кыргыз, казак элдеринин атынан Министрлер комитетине петиция жөнөткөн[15]. 11 пункттан турган бул документте: областтын жергиликтүү мусулман калкы үчүн мажилис түзүүгө уруксат берүүсү; мечит, медресе, мектеп, кесипчилик окуу жайларды ачуу укугун; мектептерде балдарды эне тилинде окутуу; вакуф укугу; жергиликтүү элге байланышкан мыйзамдарды, чечимдерди кабыл алууда жергиликтүү элдин өкүлдөрүн катыштыруусу; кыргыз, татар ж.б. чыгыштын мусулман элдеринин тилинде газета-журналдарды, китептерди чыгаруу менен аны империянын аймагында эркин сатуусу; кыймылсыз мүлккө болгон жергиликтүү калктын тең укуктуулугу жана эркин кесип кылуусу тууралуу; орус өкмөтү тарабынан ачылган гимназияларда жергиликтүү калктын балдарына мусулман дини боюнча билим берүү; жергиликтүү элдин жер маселесин чечип берүүнү өтүнүшкөн[15.109-111]. Бирок, тарыхта «Булыгиндин думасы» аталган шайлоо компаниясы өлкөдө күч алган революциялык маанайдан улам болбой калган.

Россия империясынын жүргүзгөн колониялык саясатынын күчөшү кыргыз элинин улуттук аң-сезимине терең таасир эткен. Айрыкча Россиянын биринчи дүйнөлүк согушка катышышы менен жергиликтүү элдин турмушу ого бетер оорлогон. Бул ого бетер элдин кыжырдануусун күчөткөн. Мурунку салынган салыктардан тышкары согуштагы орус аскерлерин азык-түлүк, кийим-кече ж.б. муктаждыктарын камсыз кылуу максатында мал, айыл чарба продуктылары, ар кандай керектүү буюмдар алынган. 1914-1915-жылдарда бир эле Жети-Суу облусунан ташылган азык-түлүктүн наркы 55 млн. руб. жеткен. Эми Түркстанда жашаган элдер түтүнгө 1 руб. 84 коп. өлчөмүндөгү аскер салыгын төлөй баштажкан[11.69].

Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы улуттук-колониялык эзүү, падышанын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркек жарандарын эки этап менен согуштук-оорук иштерине жөнөтүү жөнүндөгү 1916-жылдын 25-июнундагы жарлыгы элдин улуттук аң-сезимин курчутуп, улуттук боштондук күрөшкө чыгууга алып келген. Фергана өрөөнүндө башталган көтөрүлүш тарыхый маалыматтар боюнча Түркстандын башка аймактарына караган Жети-Суу облусунда өтө курч мүнөздө өткөн[13; 11]. Көтөрүлүштүн жетекчилери эл арасында кадыр-барктуу, манаптардын тукумдары Мөкүш Шабдан уулу, Канат Ыбыке уулу, Тезекбай Түлкү уулу, Көкүмбай Чыны уулу, Байзак Мырза уулу, Баатыркан Ырайымбеков, Баатыркан Ногоев, Байзак Мырза уулу, Касымаалы ажы Мамбетов, Чолук Курманкожо уулдары болушкан[3].

Тарыхый маалыматтарда белгилүү болгондой көтөрүлүш аёосуз басылган. Орустардын жазалоочу аскердик күчтөрүнүн зомбулугунан эл Кытайды көздөй качууга аргасыз болгон. Көтөрүлүш жалпы элдик мүнөздө болуп, ага 300 миңден кем эмес эл катышкан [11.180]. 1916-жылдын кеч күзүндө жазалоочу отряддан качкан 39 болуштуктан 45 миң түтүн же 164 миң киши чек арадан өткөн, анын 130 миңге чукулу кыргыздар болушкан. 1917-жылдын январына карата жергиликтүү элдин жоготуусу болжол менен 38 миң түтүндү же 150 миң кишини түзгөн. Ал эми көтөрүлүштүн жүрүшүндө 12 миңге чукул киши кырылган. Падышачылык бийлик кулагандан кийин, 1917-жылдын жаз-жай айларында Кытайдан

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

болгону 64 миң киши кайтып келген. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында, 1918-1926-жылдар аралыгында 15-20 миңдей качкындар мекенине кайткан[11.178]. Кытайга кетпей калган көтөрүлүштүн жетекчилери да оор жазага тартылышкан[3]. Падышалык колониялык өкмөт көтөрүлүшчүлөрдү жазалоо, жоопко тартуу аркылуу «Чүй өрөөнүн (батыш бөлүгүнөн башка), Кичи, Чоң Кеминди, Ысык-Көлдү, Кочкор жана Жумгал өрөөндөрүн кыргыздардан тазалоо планын иштеп чыккан»[8.156].

Эркиндик, көз карандысыздык үчүн болгон кыргыз элинин улуттук боштондук күрөшүнүн туу чокусу болгон. Көтөрүлүштүн жетекчилеринин катарында XX кылымдын башындагы кыргыз агартуучулары Канат Ыбыке уулу Белек Солтоноев да болгон. Ал эми, Э.Арабаев, К.Тыныстанов, Д.Сооронбаев сыяктуу кыргыз агартуучулары көтөрүлүшкө түз, кыйыр түрүндө катышышкан.

Падышалык бийлик кулагандан кийин Түркстан аймагында, анын ичинде Кыргызстандагы саясий кырдаалда өзгөрүүлөр башталган. Кыргызстанда Борбордук Россиядан айырмаланып, Убактылуу өкмөт, улуттук мүнөздөгү Кыргыз коомдук комитеттери менен бирге жумушчулар менен солдаттар депутаттарынын советтери түзүлгөн. Түркстандагы башка мусулман калктары менен колониялык саясаттын мезгилиндеги улуттук эзүүнү баштарынан кечирген кыргыз эли да падышачылык бийликтин кулашын чоң кубаныч менен кабыл алышкан. Убактылуу өкмөт тоскоолдук кылганына карабай Кытайга качкан 1916-жылкы Улуттук боштондук көтөрүлүштүн катышуучулары Ата Журтуна кайтып келе башташкан. 1917-жылдын 1-майына карата 64 миң качкын кайтып келишкен[8.164].

Убактылуу өкмөт «Качкындарды кайтаруу жана жайгаштыруу» боюнча комиссия түзгөнү менен качкындардын өтүнүчтөрүнө үстүртөдөн мамиле жасап, алардын көтөргөн көйгөйлүү маселелерин чечип берүүнү каалашкан эмес[8.163]. Убактылуу Өкмөттүн Түркстан комитетинин 1917-жылдын 19-апрелинде өткөн жыйыны Жети-Суу областына Кытайдан кайтып келип жаткан качкындарды Пишпек, Пржевальск уездеринде киргизбей, Верный, Жаркент, Тянь-Шандын тоолуу аймактарына жайгаштыруу жөнүндөгү чечим кабыл алган[4.65]. Мекенине кайтып келген кыргыздардын таламын талашууда Э.Арабаев баштаган агартуучулардын эмгеги зор. Агартуучу Пржевальск уездине караган алты болуш элдин он кишиден турган комитетин жетектеген. Агартуучу «Казак» газетасынын 1917-жылдын 17-июлдагы 236 номерине «Бечера кыргыз боордошторуңарды унутпагыла!» деген үндөө менен кайрылган.

1916-жылдагы «улуттун мамлекеттик эгемендикке жетишин камсыз кылууга багытталган улуу күрөштүн туу чокусу болгон»[11.175] улуттук боштондук көтөрүлүш колониялык эзүүдөн кутулуп эркиндикке жеткиси келген кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин өнүгүшүнө өзгөчө из калтырган.

Кыргыз элинин тарыхында, улуттук аң-сезиминин өнүгүшү Февраль революциясынын учурунда да айкын көрүнгөн. Буга аймактагы болуп жаткан коомдук-саясий кырдаалдын таасири чоң болгон. Түркстанда саясий билимдүү топ калыптанып[12], ондогон коомдук, саясий Шуро-и-Исламия, Туран, Алаш, Букара, Муниель исламия, Талля Боляя, Муфшахил Моориф, Ховаскоран Моориф, Хуррият ж.б. саясий уюмдар, партиялар түзүлүп, жергиликтүү калктын саясий активдүүлүгү жанданган. Түркстанда тарыхый маалыматтар боюнча 30га чукул саясий партия, кеңештер, бирикмелер иш жүргүзүшкөн[8.170]. Партиялар менен коомдук уюмдардын «программалары менен ишмердиктерине токтолсок, анда бул «партиялардын» айырмачылыктарын айтуу кыйын» [9.274]. «Алаш ордонун» жетекчилери казак феодалдарынын ири өкүлдөрү болуу менен большевиктер менен келишпес мамиледе болгон. Ал эми «Шуро-и-Исламия» негизинен диндик ишмерлерди эшен, молдо, имамдардын башын бириктирген. «Букара» уюмунун башында кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү менен бирге манаптар да болушса, «Турандын» мүчөлөрү студенттер, агартуучулар, интеллигенция өкүлдөрү болгон, алардын айрымдары бай-манаптардын үй-бүлөлөрүнөн чыгышкан[9.274-275].

Агачкы кыргыз интеллигенциясынын, агартуучуларынын башын бириктирген «Алаш» партиясы. Кыргыз, казак элдеринин мамлекеттүүлүгүнүн калыбына келтирүүнүн идеологиясына «Алаш» партиясынын кошкон салымы чоң. 1905-жылы алгач казак интеллигенциясы түптөгөн бул кыймыл 1917-жылдагы февраль революциясынан кийин партия болуп түзүлгөн. Бул партияга казак, кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү киришкен. Декабрда Алаш автономиясы жарыяланып, «Алаш Ордо» деп аталган Убактылуу элдик кеңеш түзүлгөн. Казак окумуштууларынын маалыматы боюнча Алаш автономиясын түзүү улуттук мамлекетти кайра куруунун аракети болгон.

«Алаштын» лидерлери совет бийлигин, большевиктердин советтик негиздеги Түркстандагы мамлекеттик идеяны жактырышкан эмес[6]. Улам бекемделе баштаган совет бийлигин таанууга аргасыз болушкан «Алаш Ордонун» жетекчилери, совет бийлигинин мамлекеттик башкаруу органдарына кирүү менен жергиликтүү (Казакстан менен Кыргызстандын) элдин, улуттун кызыкчылыгын коргошуп, башкаруу органдарында, аткарылуучу иштердин мазмунунда казак, кыргыз улуттарынын укуктарын, кызыкчылыктарын талап кылышкан.

1917-жылы жайында Э.Арабаев, А.Сыдыков, Д.Сооронбаев, И.Айдарбеков ж.б. активдүү катышы менен «Алаш» партиясынын Пишпек бөлүмү - Кыргыз коомдук комитети уюшулган[1.166-167]. Партиянын Оренбургда өткөн биринчи съездине Э. Арабаев, Д.Сооронбаев катышса, үчүнчү съездине А.Сыдыков, Т. Худайбергенов катышышкан. Кыргыз делегаттары боордош казак элинин мүдөө-талаптары кыргыз элинин да мүдөө талаптары менен үндөш экендиктерин билдиришкен [1.167]. «Алашчылардын» негизги максаты агартуу иштери менен катар, казак кыргыз автономиясын түзүү болгон [1.175-176]. Пишпекте Кеңеш бийлиги орногондон кийин “Алаштын" кыргыз комитети таркаган. 1918-жылы Жети-Суу ревкому «Алаш» партиясын жоюу боюнча чечим кабыл алган. Агартуучулардын «Алашта» такшалган саясий көз караштары кыргыз совет мамлекетин түзүүдөгү күрөшкө даярдаганы шексиз.

**Жыйынтык.** Кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттүүлүккө жетиши, 1916-жылдагы көтөрүлүштөн кийин кыргыздардын мекенине кайтып келиши кыргыз элинин тарыхындагы баа жеткис бурулуштардан. Көчмөн, жарым көчмөн элдерди отурукташыруу, эл чарбасынын бардык тармактарынын өнүгүшүнө алып келген. Коомдогу саясий, экономикалык өзгөрүүлөр, өнүгүүлөр маданияттын, улуттук аң-сезимдин өсүшүнө түрткү бербей койгон эмес.

Улуттук аң-сезимдин өнүгүүсүнө Россиянын ички аймактарында 1905-1907-жылдары, 1917-жылдын февралында, октябрында болуп өткөн куралдуу көтөрүлүштөрдүн таасири чоң болгон. XX кылымдын башындагы улуттук аң-сезимдин өсүшүн Түркстан, анын ичинде Кыргызстандын аймагындагы коомдук-саясий кырдаалдан келип чыккан тарыхый өнүгүнүн контекстиндеги цивилизация жана агартуучулардын ишмердүүлүктөрүсүз элестетүү мүмкүн эмес.

## Адабияттар тизмеси

1. Абдырахманов Т.А. Эки доор инсаны Эшенаалы Арабаев [Текст] / Т.А.Абдырахманов, А.Э. Кубатова, Ж.Р.Байдилдеев. – Б.: Maxprint, 2013. – 244 б.
2. Джамгерчинов Б.Д. О прогрессивном значении вхождения Киргизии в состав России[Текст] / Б.Д. Джамгерчинов. – Ф.: Изд–во АН Кирг.ССР., 1963. – 290 с.
3. Жолдошев Р. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жетекчилери жана кыргыз манаптарынын орду [Электронный ресурс]. – Бишкек: 2016. – Режим доступа: https://kmborboru.su/2016/10/01/1916-zhyldagy-uluttuk-boshtonduk-k-t-r-l-sh/–Загл.с экрана.
4. История Киргизской ССР [Текст] / С древнейших времен до наших дней: в 5–т. Т.3. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 652 с .

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

5. Карыева А.К. Жазгыч акындар жана кыргыз тарыхы (XIX к.–XX к. башы) [Текст] /
А.К.Карыева. – Б.: «Maxprint». 2011. – 168 б.
6. Кыдыралина Ж.У. Становление и судьбы идей по национальному вопросу в Казахстане (1917-1991 гг.): исторический анализ [Текст] / автореферат дис. … докт. истор. Наук: 07.00.02 /Ж.У.Кыдыралина. – Уральск, 2008.
7. Кыргыз Совет Энциклопедиясы [Текст] / 6 томдук. – Фрунзе: Кыргыз СоветЭнциклопедиясынын башкы редакциясы, 1980. Т.6. – 658 б. – 160-б.
8. Кыргызстандын тарыхы [Текст]: Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. 3 томдук. III т. XX к. жана XXI к. башы (1900–2016–ж.). – Бишкек: «Кут–Бер», 2016. – 816 б.
9. Курманов З.К. Национальная интеллигенция: вклад в возрождение государственности кыргызского народа и борьбу таталитарно–авторитарнымрежимом[Текст] / З.К.Курманов. – Бишкек, 2005. – 377 с.
10. Молдо Кылыч. Казалдар[Текст ]/ Молдо Кылыч. – Фрунзе: Адабият, 1991. – 254 б.
11. Өмүрбеков Т.Н. Кыргызстандагы 1916–жылкы улуттук боштоондук көтөрүлүш
[Текст] / Т.Н. Өмүрбеков. – Б.: MaxPrint, 2016. – 200 б.
12. Сыдыкова Б. История Туркестанского легиона в документах [Электронный ресурс]. Алматы: «Кайнар», 2002. – Режим доступа: https://b-ok.global/book/3002456/6c511e. – Загл.с экрана.
13. Усенбаев К.У. Восстание 1916 года в Киргизии [Текст] / К.У.Усенбаев. – Фрунзе:Илим, 1967. – 327 с.
14. Шабдан батыр [Текст]: доор жана инсан. Шабдан баатырдын 160 жылдык маараксине арналган илимий конференциянын материалдары. – Б.: Бийиктик, 2009. – 184 б.
15. Шабдан Джантаев [Текст]: эпоха и личность: Документы и материалы / – Б.: Шам,1999. – 280 с.